# №8 жалпы билим берүү орто мектебинде усулдук бирикмелердин предметтик декадалары жөнүндө маалымат

Мектепте усулдук иштер атайын "Усулдук кеңеш жөнүндө" Жобонун жана ошондой эле ар бир бирикме жетекчилери предметгик мугалимдер менен биргеликте жылдык пландын негизинде түзүлгөн айлык план менен иш алып барышат жана бекитилген график боюнча предметтик декадалар өз убагында активдүүлүк менен өткөрүлөт. Мектепте 4 усулдук бирикме иш алып барат.

**1**. Билимдин башаты - башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Бул усулдук бирикме да өз кезегинде окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө өз салымдарын кошуп, талыкпай эмгектенишип келүүдө. Себеби баланын ой жүгүрүүсүн, көндүмдөрүн, дүйнөгө болгон кызыгуусун, дегеле мектепке болгон көз карашын калыптандырууда башталгыч класстын мугалимдеринин эмгеги, ишмердүүлүктөрү эң чоң роль ойнойт. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана өз билимдерин өркүндөтүү максатында 72 сааттык көлөмдөгү курстан 3 жыл ичинде башталгыч класстын мугалимдери өтүп келишкен. 2015- жылдан баштап ЮСАИД « Бирге окуйбуз» долбоору менен иш алып барылат. Бүгүнкү күндө мугалимдер ЮСАИД программасы боюнча "Окуу керемет" долбоору менен биргеликте иштөө менен курстарга катышып, сертификаттарды алышууда.

Ата- энелердин жоопкерчилигин көтөрүү максатында ата- энелер менен бирдикте иш алып баруу менен бирге 1-4- класстардын ар бир окуучунун ата-энелери менен мектептин директорунун ортосунда «Келишим» түзүлүп, окуучулардын өздүк делолоруна тиркелет. Андан сырткары ата-энелер менен бирдикте класстан тышкаркы иш чаралар өткөрүлүүдө. Ар эки жуманын бир күнү мугалимдер арасында семинар, сабактар өткөрүлүп, өз ара тажрыйба алмашып жатышат. Ата-энелер менен байланыш күчөтүлүп, «Бирге окуйбуз», «Окурман достор», «Мен сабаттуу жаза алам» сабактары ата-энелердин катышуусунда өткөрүлүүдө.

2022-2023- окуу жылында октябрь айында «Башат башталгыч класстан башталат» деген темада семинар эң жогорку деңгээлде болуп, семинардын негизги максаттары тажрыйба алмашуу, окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу жана ата- энелердин жоопкерчиликтерин арттыруу болду.

Окуу жылдын жайкы каникулда окуучулардын ой-жүгүртүүсүн, сөз байлыгын, чыгармачылыгын өстүрүү максатында «Окуу лагери» ачылып 2 тайпадан турган окуучуларга окуу көндүмдөрү боюнча көркөм чыгармачылык сабактары өтүлөт.

Ар бир класста китеп куржуну уюштурулуп, окуучулардын өздөрүнүн колдору менен китептер жасалып, китепканага коюлууда. Андан сырткары ата-энелер демөөрчүлүк кылышып, окуучуларга тарбиялык мааниси зор жомок китептерди белекке беришти. Ушундай жетишкендиктер менен башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин ишин жакшы деп эсептесек болот.

**2.** Гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин мүчөлөрү: кыргыз тили жана адабияты мугалимдери,орус тили жана адабияты мугалими жана англис тили мугалимдери. Мектептеги көрүнүктүү эмгектери жана алгылыктуу иштери менен мактана алган усулдук бирикмелердин бири. Бирикменин мүчөлөрүнүн сабак өтүүдөгү алдына койгон максаттары:

1. Ар тараптуу өнүккөн илимдүү, билимдүү, тарбиялуу инсанды даярдап чыгаруу
2. Ар бир окуучунун талантын байкоо менен аларды туура жолго салуу
3. Окуучуга предметтердин ар бирин үйрөнүүдөгү негизги максатты туура түшүндүрүп жеткизүү

Жыл сайын декаданы ары жемиштүү, ары ийгиликтүү өткөрүшүп, эне тилибиз болгон кыргыз тилин, мамлекетибиздин официалдуу тили болгон орус тилин жана замандын талабына ылайык дүйнөлүк тил болгон англис тилин окутуп үйрөтүп жатышат. Кыргыз тили мугалимдери Т.И.Рахманкулова жана П.Ы.Калмырзаева эне тилин сүйүүгө, урматтоого дегеле өз тилибиздин кадыр-баркын көтөрүүгө себеп болушууда.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө Мыйзамын, Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгын аткаруу жана 23- сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекттик тил күнүн белгилөө максатындагы буйрукту аткаруу боюнча №8 жалпы билим берүү орто мектебинде мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүү иш планы иштелип чыкты. Мектеп ичинде бир айлык өткөрүлдү.

5-сентябрь күнү мамлекеттик тилдин бир айлыгынын ачылышы болуп, 10-класстын окуучусу Акылбек кызы Самира кыргыз тили жөнүндө доклад окуду. 5-9-класстардын окуучулары көркөм окуу айтышып, кыргыз тил гимнин музыканын коштоосунда ырдашты.

23- сентябрь күнү “Кыргыз тили - кыргыз элининин улуттук тили, улуттук маданиятынын очогу” аттуу адабий музыкалык салтанаттуу иш чара уюштурулду. Мектептин директору бардык мугалимдерди жана окуучуларды мамлекеттик тил күнү менен куттуктады.

Мамлекеттик тил күнүнүн 33 жылдыгына карата видео- ролик көркөм окуу, обондуу ыр, бийлер уюштурулду, тилдин улуулугу, тарыхы тууралуу видео-слайддар көрсөтүлдү. “Эне тилим -эне сүтүм” дил баяндын конкурсу 8-10- класстардын окуучуларынын арасында болуп, 10-класс окуучусу Кенжебек кызы Наргизанын аткарган иши I орунга татыктуу болду. Бир айлыктын аралыгында мамлекеттик тилдин 33 жылдыгына карата жана улуттук нарк-насил боюнча класстык сааттар өтүлдү. “Адабияттын чыгаан инсандарын эскерүү” адабий кече болуп, кыргыз элибиздин улуу акын-жазуучуларын эскерүү менен окуучулар тарабынан чыгармаларынан сахналаштырылган үзүндүлөр аткарылды, көргөзмөлөр уюштурулду. Мектепте өткөрүлгөн бир айлыкта кыргыз тилинин кадыр-баркын көтөрүүгө жана окуучуларды кыргыз тилин сүйүүгө жана барктоого чакырылды. Иш чаралар окуучуларга чоң таасирин тийгизди.
Бүгүнкү илимдин, техниканын өнүккөн мезгилинде Эгемен Кыргызстан дүйнөнү өзү таанып, дүйнөгө өзүн таанытууга шарт түзүлүп жатат. Андыктан, жаш муундарыбыздын чет тилин үйрөнүүгө муктаждыгы күндөн күнгө өсүп жаткан учур. Ошол себептүү орус тили жана англис тили мугалимдери изденүү менен окуучунун кызыгуусун жоготуп албаш үчүн сабакты жаңы технологияларды пайдаланып, жаңы инновациялык усулдарды колдонуп, чыгармачылык менен өтүшүп, өз максаттарына жетип жатышат. Жыл сайын “Англис тилинин бир айлыгы” болуп, бул жумалыкты англис тили мугалимдери Н.Н.Алчынбаева жана Кылычбек кызы А. уюштуруп жогорку деңгээлде өткөрүшүүдө. Бул окуу жылында айлыкка даярдалган дубал гезиттер “ Welcome to our English week ”, “ The English-speaking countries ” and “ Why need to learn English language? ” жана бир айлыкта өтүлүүчү программа чыгарылды. Бул дубал газеталар өз ичине түрдүү маалыматтарды камтуу менен ар кандай тапшырмалар көрсөтүлгөн. Бул тапшырмалар боюнча ар бир класстан окуучулар даярданып, англис тили боюнча өз ара мелдеш өткөрүшүп, өз билимдерин класстар арасында сынап активдүүлүгүн көрсөтүштү. “Эмне үчүн англис тилин керектейбиз? ” деген темада мектеп окуучуларга англис тили мугалими маалымат берип өттү. Мугалим өз сөзүндө англис тилинин орду туралуу баса белгилеп , тил үйрөнүүнүн зарылчылыгы эмнеде экениндигине токтолуп кетти. 5- класстын окуучуларынын

аткаруусунда англис тилинде “Hello, hello! Nice day, nice day!” обондуу ыр аткарылды. Англис тили мугалими тарабынан окуучулардын арасында тилди өздөштүрүүсү боюнча билимин сыноо жана алардын тилге болгон кызыгуусун жогорулатуу максатында ар кандай тез ылдам ой жүгүртүү оюндары уюштурулду. Жалпы класстардын окуучуларынан программада көрсөтүлгөн тапшырмалардын жыйынтыгы алынып, жеңүүчүлөр аныкталды. Өз билимин жогорку деңгээлде көрсөткөн окуучуларга айлыктын жабуу аземинде белек тапшырылат. Айлыктын өткөрүлүшү окуучулардын англис тилине болгон кызыгуусу жогорулатып, кызыгууларын арттырууда..

Жыл сайын орус тили жумалыгы ийгиликтүү өтүлүүдө. Орус тили мугалими М.Ж.Абдуллаева интерактивдүү методдорду колдонуу менен ачык сабактарды өткөндүктөн окуучулардын орус тилин үйрөнүүгө болгон талабы өрчүүдө. Жыйынтыгында ачык сабактрдын, жумалыктардын жыйынтыгы талкууланып, эң жакшы деп табылган сабактын план конспектиси буклет болуп чыгарылып, усулканага коюлуп, бирикменин иш кагаздары салынган папкаларга тиркелүүдө.

**3.**Так илимдер жана химия, биология усулдук бирикмесинин темасы: “Таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү максатында математика, физика сабактарында окутуунун ар кандай ыкмаларын, формаларын колдонуу, окутуунун эффективдүүлүгүн камсыздоо жана ага жетишүү үчүн интерактивдүү усулдарды, заманбап технологияларды колдонуу.”Так илимдердин падышасы болгон математика жана физика, химия, биология сабактарын окутууда мугалимдер эң жакшы болгон усулдарды колдонуп окуучулардын бул предметтерге болгон кызыгуусун арттырууда.Таанып билүү жөндөмдөрүн ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында сабактын иштелмелерин жаңы багытта, замандын талабына ылайык иштеп чыгышып, өздөрүнүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн, чеберчиликтерин пайдаланышууда. Шаардык деңгээлдеги олимпиадаларда, ар кандай конкурстарда ийгиликтерди жаратып мектептин намысын коргоп келишүүдө. Жыл сайын декада өткөрүшүп ийгиликтүү жыйынтыкташат. Сабакты интерактивдүү методдорду колдонуу менен эффективдүүлүгүн жогорулатуу аракеттерин көрүп келишет. Кызыккан окуучулар менен өз алдынча иштерди жүргүзүшүп, терендетип окутуу максатында алгылыктуу иштерди алып барышууда.Жыл сайын шаардык деңгээлдеги олимпиадага окуучулар математика, физика, биология сабактарынан катышып, жакшы көрсөткүч көрсөтүшөт. Мектепте “Жашыл патруль”волонтердук экологиялык тайпасы түзүлгөн. Тайпанын жетекчилигине биология мугалими Сиябекова Уулкан бекитилген. “Жашыл патруль” волонтердук экологиялык тайпанын мүчөлөрү мектепте окуучуларды жаратылышты, эколгоияны коргоого чакыруу менен шаардык деңгээлде өтүлгөн ар кандай конкурстарга катышып, байгелүү орундарды ээлеп келет. Ушундай жыйынтыктар менен усулдук бирикменин алып барып жаткан иштерин жакшы деп бааланууда.

**4.** Социалдык, чеберчилик жана ден соолук усулдук бирикме мүчөлөрү заманбап технологияларды колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууда. Ар кандай иш чараларды уюштуруп, окуучулар арасында диспуттар, конференция, викторина сабактар өтүлүп, окуучулардын билим сапатын жогорулатууда өз салымдарын кошуп келишүүдө.Дене тарбия сабагынын мугалими Э.М.Маматназаров окуучулардын спортко болгон кызыгуусун ойготууда, спортту сүйүүгө тарбиялоо менен жакшы эмгектерди жаратып келүүдө. Окуучулар шаардык, областтык деңгээлдеги спорттук иш чараларга активдүү катышып, мектептин намысын коргоп келишет. Спартакиадаларда эң жакшы ийгиликтерге жетишип

окуучулардын спортко болгон кызыгуулары артууда. "Сергек жашоо - ден соолуктун булагы" экенин эске алып өз иштеринде албан ийгиликтерди жаратууда. Жыл сайын 23- февралда "Мекенди коргоо күнүнө" карата "Мен Мекендин коргоочусумун " деген темада Майлуу- Суу шаардык аскердик бөлүмү тарабынан мектептер арасында мелдеш өткөрүлөт. Мына ошол мелдеште жыл сайын окуучулар 1-2- орунду ээлеп келишет. Окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө, алардын тубаса таланттарын ачууда, көркөм чыгармачылыкка шыктандырууда мугалимдердин эмгектери алгылыктуу. Ар кандай шаардык деңгээлдеги иш чараларга, конкурстарга катышып, эң жакшы ийгиликтерди багынтып келишүүдө.

Усулдук бирикмелердин декадаларын өтүүдө сөзсүз ачылышы, дубал гезиттер, ачык сабактар, класстык сааттар, ар кандай иш-чаралар менен өткөрүлөт. Ачык сабактар өтүүдө мектеп программасынан тышкары окуучулардын кызыгууларын арттыра турган материалдар, ар кандай усулдук ыкмалар колдонулат.

Усулдук бирикмелер тарабынан өтүлүүчү декадалардын графиги

| № | Усулдук бирикмелер | Мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты декадасы | сентябрь-октябрь |
| 2 | Башталгыч класстар усулдук бирикмеси | октябрь- ноябрь |
| 3 | Социалдык жана көркөм өнөр усулдук бирикмеси | декабрь-январь |
| 4 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеси | февраль-март |
| 5 | Табигый жана так илимдер усулдук бирикмеси | апрель-май |

Предметтик муталимдер сабак өтүүдө турмуш менен байланыптырыльш, тарбия берүүчүлүк максатка көп көңүл бурушат. Мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатууда, бүткүл мектептин иштөө системасын бириктирип турган бул - усулдук иштер. Усулдук иштин натыйжасында ар бир предметтик мугалимдин чеберчилиги өсүүдө, себеби замандын талабына ылайык көптөгөн жаңы технологиялар, жаңы методикаларды алып келди. Алар балдарга сапаттуу билим берүүдө жакшы өбөлгө түзөт. Мугалим өз сабактарын илимдин негизинде жеткиликтүү кылып, башка предметтер менен байланыштырып, сабактарына анализ берип, жетишпеген жактарына көңүлүн буруп, оңдоо иштерин жүргүзүшөт.

Алдыга коюлган пландар жалпы мектептин планына ылайык пед кеңештин чечими менен бекитилген. Усулдук бирикмеде ар дайым сабактын эффективдүү өтүлүшүн көздөгөн, көйгөйлүү маселелерди чечкен, жетишпеген окуучуларга көңүл бурган иш-чаралар өтүп турат. Ар бир УБ нин усулдук темалары такталып, анын негизинде иш алып барылат, андан тышкары ар бир мугалимдин өз алдынча усулдук темалары бекитилген.

Мектептин директору Н.Н.Алчынбаева

Мектептин усулчусу А.К.Мамырбаева


MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


ПРАЗДНИК
БУКВАРЯ!
MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA






Чыңгыз Айтматов
1928-2008








ЩИТ СИЛОВОЙ
Ч.Айтматовдун чыгармалары


БИЛИМ БУЛАГЫ
ТИЛИ-МЕНИН
ИЛИМ
Улут болсом, тилим менен улутмун.
УТТУК ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК
БУЮМДАРЫ
КЫРГЫЗДАР IV
КЫРГЫЗДАР IV
Толстой
КЫРГЫЗСТАН
MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


Welcome
The Week of
English Language!
English - King Languages
English in our life.
We learn English!
We like English!
Speak English
do exercise
play games
Our English Lesson


Welcome to our
Lesson.


WELCOME HAPPY
ENGLISH WEEK


WELCOME HAPPY
ENGLISH WEEK




REDMI NOTE 8 PRO
64MP QUAD CAMERA




"НЕРСЕНИ ТЫНЧ АБАЛДАН ЧЫГАРУУЧУ ЖЕ БИР КАЛЫПТАГЫ ТҮЗ СЫЗЫКТУУ
КЫЙМЫЛЫН ӨЗГӨРТҮҮЧҮ ТААСИР - КҮЧ БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ"
И.НЬЮТОН
Космоско негиз салуучулар
12-апрель Космонавтика күнү
12-апрель Космонавтика күнү
MI 10 LITE 5G
AI QUAD CAMERA


"Математика - бул бардык так илимдер сүйлөөчү тил"








Читаем
творим
исследуем